УДК:332.135(575.2)

*Металипова Мээрим Металиповна, методист-окутуучу*
*E-mail : metalipova53@gmail.com*
*Ош мамлекеттик университети*

# КЫРГЫЗСТАН ЭКОНОМИКАСЫНЫН ЧӨЙРӨ ЭКОНОМИКАЛАРЫ МЕНЕН БҮТҮНДӨШҮҮСҮ

# ИНТЕГРАЦИЯ ЭКОНОМИКИ КЫРГЫЗСТАНА С ЭКОНОМИКОЙ СОСЕДНИХ СТРАН

# INTEGRATION OF KYRGYZSTAN'S ECONOMY WITH NEIGHBORING COUNTRIES

***Аннотация:*** *Макала Кыргызстан өлкөсүнүн коңшу өлкөлөр менен бүтүндөшүүсүнүн маанилүүлүгүн өзүнө камтыйт. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк экономиканын шарты боюнча бир өлкөнүн экономикасы башка өлкө экономикалары менен байланыш түзмөйүнчө өсүп-өнүгүп кетүүсү өтө кыйын. Ошондуктан Кыргыз Республикасынын учурдагы экономикалык деңгээли кандай абалда, экендигинин себептерин жана ал көйгөйлөрдү кантип чечүү мүмкүн экендиги каралган.*

***Аннотация:*** *Статья содержит информацию с себе важности интеграции экономики Кыргызстана с соседними странами. На сегодняшний день условия мировой экономики заключается в том, что возможность роста и развития экономики одной страны без связи с другими странами очень тяжело и почти невозможно. Именно по этим причинам в этой статье будет уделяться особое внимание на нынешнюю экономическую ситуацию в Кыргызской Республике, причинам и возможностям решения проблем.*

***Abstract:*** *The article contains the importance of integration of the Kyrgyz economy with neighboring countries. Nowadays the conditions of the world economy is that the possibility of growth and development of economy of one country without communication with other countries is very difficult and almost impossible. For these reasons in the article will pay special attention to the current economy, the reasons and opportunities for solving problems in the Kyrgyz Republic.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *чөйрө экономикасы, бүтүндөшүү, экспорт, импорт, тышкы соода, уюмдар, түрк тилдүү республикалар.*

***Ключевые слова:*** *экономическая среда, интеграция, эспорт, импорт, внешняя торговля, организации, тюркоязычные республики.*

***Key words:*** *economic environment, integration, export, import, trade, organizations, Turkish Republics.*

Кыргызстан экономикасынын дүйнөгө ачылуусу жана бүтүндөшүүсү көп убакытты алды. Бул мезгилге чейин өлкөбүздүн экономикасы татаал убактарды жана термелүүлөрдү башынан өткөрдү. Ал эми бүгүнкү күндө Кыргызстандын абалы бир аз жакшырууда, көп өлкөлөр менен мамиле курууда, бирок алдыда дагы көп иштер аткарылуусу керек.

1-таблица. 2013-2017-жж. Кыргызстан продуктуларынын тышкы жана ички соодасы (млн. $)[1]

| | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Тышкы соода | 7 993,8 | 7 618,4 | 5 636,8 | 5 573,6 | 6 259,0 | 6672,0 |
| Экспорт | 2 006,8 | 1 883,7 | 1 482,9 | 1 573,2 | 1 764,3 | 1764,6 |
| Импорт | 5 987,0 | 5 734,7 | 4 153,9 | 4 000,4 | 4 494,7 | 4907,4 |
| Сальдо | -3 980,2 | -3 851,0 | -2 671,0 | -2 427,2 | -2 730,4 | -3142,8 |

Кыргыз Республикасынын статистикалык комитети: stat.kg (Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы 2013-2017)

[1] Кыргыз Республикасынын статистикалык комитети: stat.kg (Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы 2013-2017)

Жогорудагы таблицада көрүнүп тургандай, бүгүнкү күнгө чейин өлкөбүздүн импорту экспортунан алда канча көп экендигин байкоого болот. Мунун себептерин жана мүмкүн болгон чечүү жолдору төмөндө кенен берилмекчи.

Макаланын түшүнүктүү болуусу үчүн Бүтүндөшүү термининин бир канча аныктамасын белгилей кетели :

-Белгилүү бир аймакта жайгашкан өлкөлөрдүн ортосундагы экономикалык мамилелерди либералдаштыруу менен өндүрүш факторлорунун бааларын барабар болуусун камсыздоо, валюта жана капитал рынокторунун жөнгө салынуусу менен эмгек күчү жана капитал факторлорунун өлкөлөр ортосунда эркиндигин[2];

-Түрдүү улуттук мамлекеттерге тиешелүү экономикалык бирдиктер ортосундагы дискриминацияны жоюуга карата алдын алуу чаралардын көрүлүүсү же түрдүү дискриминацияларды болтурбоосун[3];

- Эки же андан көп өлкөлөрдүн экономикалык чек араларынын ачылуусун;

- Мачлуптун ою баюнча, “алуучулардын жана сатуучулардын товардын өндүрүлгөн жерине карабастан, бирдик ичинде товар агымынын эркиндигин камсыздоо[4];

-П.Г.Хоффман экономикалык бүтүндөшүүнү, товарлардын өлкөлөр арасында эркин айлануусуна тоскоолдук кылган сандык чектөөлөрүнүн, төлөөлөрдүн агуусуна коюлган тоскоолдуктардын жана жалпы тарифтердин алынган бирдиктүү, кенен базардын курулуусун[5];

-Окшош географиялык региондо жайгашкан өлкөлөр арасында тышкы соода тоскоолдуктары алынып соода эркиндиги камсыздалган бир группанын болуусун[6] түшүндүрөт.

Демек, Кыргыз Республикасынын бүтүндөшүү деңгээлин аныктаган көрсөткүчтөрдүн бири экспорт жана импортуна көңүл бөлсөк, жалпы экспорт көлөмү Кыргыз Республикасынын Статистика комитетинин маалыматы боюнча 2017-ж. 82124,8 миң долларды түзүп, абалы учурда, тилекке каршы, канааттандырбайт. Экспорт, негизинен, 20 өлкө менен ишке ашып, негизги бөлүгү Өзбекстан (55233,8миң $), Казакстан (7830,5миң $), Россия (1881,1), Тажикстан (3898,2 миң $) жана Кытай (7832,2 миң $) өлкөлөрүнө бөлүштүрүлөт.

Ал эми импорту Кыргыз Республикасынын Статистика комитетинин маалыматы боюнча. Негизинен, 43 мамлекет менен жүргүзүлөт жана негизги импорттоочу өлкөлөр 2017-жылга карата Кытай (31266,8 миң $), Россия (12625,4 миң $), Түркия (4441,3 миң $), Корея (3816,9 миң $), Германия (3020,6 миң $), Казакстан (2468,7 миң $) жана Беларусь (2216,4 миң $) болуп эсептелет.

Ошондой эле бүтүндөшүүнү мүнөздөгөн Кыргызстандын дүйнөлүк биримдиктер жана кызматташуулар менен болгон мамиленин көрсөткүчүн төмөнкү таблицадан көрө аласыздар:

2-таблица. Бүтүндөшүү коомчулуктары менен болгон импорт-экспорт операциялары (млн $)[7]

| | | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы | Экспорт | 2 006,8 | 1 883,7 | 1 482,9 | 1 573,2 | 1 764,3 |
| | Импорт | 5 987,0 | 5 734,7 | 4 153,9 | 4 000,4 | 4 494,7 |
| | Сальдо | -3 980,2 | -3 851,0 | -2 671,0 | -2 427,2 | -2 730,4 |
| Көз | Экспорт | 1 010,8 | 893,4 | 575,5 | 603,8 | 722,1 |

[2]Карлук, 1996: 22
[3]Гүран, 2002, 3-4
[4]Балкыр жана Демиржи, 1989:9
[5]Актаран, Д.Винер, 1950:132
[6]Сейидоглу,2003:203
[7]Кыргыз Республикасынын статистикалык комитети: stat.kg (Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы 2013-2017)

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги КМШ | Импорт | 2 943,8 | 2 779,3 | 2 234,9 | 1 752,1 | 2 083,2 |
| | Сальдо | -1 933,0 | -1 885,9 | -1 659,4 | -1 148,3 | -1 361,1 |
| Евразия Экономикалык Биримдиги (ЕАЭБ) | Экспорт | 542,3 | 637,6 | 410,2 | 447,2 | 541,5 |
| | Импорт | 2 665,2 | 2 646,5 | 2 065,1 | 1 626,0 | 1 863,7 |
| | Сальдо | -2 122,9 | -2 008,9 | -1 654,9 | -1 178,8 | -1 322,2 |
| Экономикалык Кызматташуу Уюму (ЭКУ) | Экспорт | 704,1 | 875,3 | 505,1 | 525,5 | 591,8 |
| | Импорт | 896,2 | 1 237,8 | 796,4 | 777,0 | 938,1 |
| | Сальдо | -192,1 | -362,5 | -291,3 | -251,5 | -346,3 |
| Шанхай Кызматташуу Уюму (ШКУ) | Экспорт | 778,4 | 902,5 | 587,7 | 673,5 | 806,0 |
| | Импорт | 4 081,3 | 3 765,3 | 3 127,2 | 3 148,5 | 3 464,5 |
| | Сальдо | -3 302,9 | -2 862,8 | -2 539, 5 | -2 475,0 | -2 658,5 |

Кыргыз Республикасынын статистикалык комитети: stat.kg (Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы 2013-2017)

Жогорудагы таблицада ачык көрүнүп тургандай, кайсы коомчулук менен болбосун, өлкөбүздүн бүтүндөшүү деңгээли алда канча төмөн экендиги көрүнүп турат. Бул да болсо экономикабыздын дүйнөгө жетишерлик даражада ачык эмес экендигин айгинелейт. Мындай абал бир канча себептер менен коштолуп келет:

- Көз карандысыздыкка жаңы ээ болгон түрк тилдүү республикалар либерал дүйнөгө тең келүүдө түрдүү көйгөйлөрдү башынан өткөрүүдө. Россия менен Американын ортосундагы кагылышуулар аракеттерге тоскоолдук жаратып жатат. Бул өлкөлөрдүн анти демократиялык башкаруулары кубаттуулуктарын күчтөндүрүү жана коргоо үчүн тышка ачылуусун ишке ашырууда бут тосууда, демократиялык эволюциянын алдын ушул себептер менен гана кесүүдө. Бүтүндөшүүнүн алдындагы башка тоскоолдуктар деп, технологиянын эски болуусу жана жаңыланбоосу, башкаруучулуктун жана элдин коммунист убагындагы адаттарын өзгөртүүдө кыйынчылыктарды көрүүсү, ич ара атаандаштык сыяктуу айтсак болот.
- Демократиялык саясат толук отура элек Орто Азиядагы түрк тилдүү республикалар тарабынан өзгөчө критикалык бир абал көрүнүүдө. Кабыл алуу тарабынан бүтүндөшүүнүн көз карандысыздыктын бир мезгили сыяктуу түшүнүлүүсү, бул өлкөлөр тарабынан бүтүндөшүүнүн алдындагы эң чоң саясаттык тоскоолдук болуп эсептелет.
- Экономикалык тараптан инфраструктуранын жана технологиянын эски болуусу, өнөр жайдын атаандаштыкка туруштук бере албоосу, ич ара атаандаштык, коммунист мезгилинен либерал экономикага өтүүдөгү кризистер, кирешенин жайылуусундагы теңсиздиктер жана жолсуздуктар экономикалык бүтүндөшүүнүн алсыз болуусунда чоң роль ойнойт.
- Булардын баарынын жанында бюрократиялык тоскоолдуктар да ишкерлердин инвестиция жасоосуна бут тосууда, киреше жайылуусундагы теңсиздиктердин социалдык реакцияларга жол ачуусу жана жолсуздуктардын анык бир чындык болуусу бүтүндөшүүнүн алдындагы башка тоскоолдуктар болуп эсептелет.

Жогоруда жазылып кеткендей, өлкөбүздүн экономикасынын дүйнө экономикасына ачылуусунда бир топ тоскоолдуктарды белгилеп кеттик. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн мүмкүн болгон жолдор төмөндө көрсөтүлүп кетмекчи :

- Бүтүндөшүүнү өнүктүрүү үчүн саясат багытында демократия культурасынын отурукташуусу жана коомчулуктун мамлекетке болгон ишеними артуусу керек. Бул үчүн граждандык коом түзүлүшүнүн күчтөнүүсү керек. Бирок, тилекке каршы, башкаруулар бул түзүлүштөрдү байлыктарына бир коркунуч деп ойлошууда. Маданий багытта өз ара визалардын алынуусу, туристтерге жеңилдиктердин камсыздалуусу башка коомду тааныганды жана түшүнүүнү жеңилдетет. Экономикалык мааниде болсо, бул өлкөлөрдүн

өнөр жайынын өнүгүүсү да толугу менен бүтпөгөндүгү үчүн, айыл чарбага артыкчылык берилип, ишкер адамдарга жеңилдиктер, инвестиция колдоолору камсыздалышы керек. Бул учурда өзгөчө иш менен камсыз болуу деңгээли жогорулаган үчүн киреше жайылуусунда болгон кемчиликтер азаят. Бул дагы калктын мамлекетке болгон ишеничин арттырат.

- Өзбекстандын Кыргызстан жана Түркия менен болгон көйгөйлөрү, Түркменстандын дайыма нейтралитет абалда болуусу жана ар түрдүү уюмдарга этият мамиледе, өзгөчө бардык өлкөлөрдө абдан көп этникалык элементтердин болуусу жана бул элементтерди коркунуч катары кабыл алгандарынан улам бүтүндөшүү жолунда өлкөлөр көп ынтызар эмес. Глобалдык дүйнөдө өлкөнүн коңшулары менен болгон мамилелери өзүнүн коопсуздугуна жана саясатына таасир берүүдө. Сырттан коркунуч күткөн мамлекеттер, байлыктарын экономикасынын алдына алуу менен сыртка жабык бир экономика түрүнө айланууда жана экономикасы төмөндөөдө.
- Мына ушундай шарттарда, пост-коммунист Орто Азиядагы түрк тилдүү республикалардын бири-бири менен, дүйнө жана Түркия менен болгон келишимдери, тилекке каршы, жетиштүү жана керектүү деңгээлде эмес. Айрыкча, Кыргызстан үчүн белгилеп кетүү керек, өлкөнүн экономикалык алсыздыгы бүтүндөшүү ордуна көз карандылыкты алып келүүдө. Күчтүү бир бүтүндөшүүгө жетишүү үчүн экономикасын тез убакытта өнүктүрүү керек.
- Бүтүндөшүү пайдаларынын башкаруучулар тарабынан туура ишке ашыруусу, зыяндуу тараптарын көзөмөлгө ала турган саясаттарга көз салуусу керек. Ыңгайлуу шарттар болгондо жүргүзүлүүчү туура саясаттар аркылуу бул өлкөлөр бири-бири менен эн жакшы соода өнөктөштөрү боло алышат.

**Адабияттар:**


1. ‘’Новые Перспективы, Развитие Кыргызской Республики до 2010 года (Общая стратегия)”, Республика Кыргызстан, Бишкек, 2001, - С. 48
2. A.Aydın, ‘’ORTA ASYA’DAKİ GÜVENLİK SORUNLARININ ÇÖZÜMÜNDE ŞANGAY İŞBİRLİĞİ ÖRGÜTÜ’NÜN ETKİNLİĞİ’’, *International Periodical for the Languages*, Literature and History of Turkish or TurkicVolume 11/1 Winter 2016, p. 145-160 DOI Number: http://dx.doi.org/10.7827/TurkishStudies.9043 ISSN: 1308-2140, ANKARA-TURKEY
3. А.Г.Столбовская “Итоги существования Евразийского Экономического Сообщества” Молодой ученый.— 2015. — №10. — С. 806-809
4. A.Karabağlı, O.K.Ağaoğlu, A.R.G. Oktay, ‘Azerbaycan’ın Doğal Kaynaklarıyla Ekonomik Potansiyeli Karşısında Türkiye’nin Dış Ticaretini Geliştirme Olanakları’ , Ankara 1993, s. 57-65.
5. А.Шадиева, “Борбордук Азия Өлкөлөрүнүн Глобализация учурунда интеграцияланышы”, Бишкек 2011, - б.65-68.
6. Ali TORAMAN ‘Geçmişten gününmüze Kırgızistan ve kırgızlar’ Türk tarihi araştırmaları, yüksek Lisans öğrencisi; Erciyes Üniversitesi, Sosyal Bilimler Enstitüsü, Avrasya Araştırmaları Anabilim Dalı
7. Arslanoğlu, R. ‘‘Kent, Kimlik ve Küreselleşme’’, Bursa : Ezgi Kitabevi 2000
8. Aslan Nurdan, ‘‘Dünya ekonomisinde Gelişmeler: Küreselleşme’’, Osman Küçükahmetoğlu ‘‘Ekonomik Entegrasyon Küresel ve Bölgesel Yaklaşım’’ Ekın Yayınevi, Ankara, 2005
9. Asuman Altay, “Piyasa Ekonomisine Geçiş Sürecinde Kamu Maliyesi Sorunları ve Çözüm Önerileri”, Sosyal Bilimler Dergisi, Kırgızistan-Türkiye “Manas” Üniversitesi, Sayı: 2, s. 2.
10. Burcu KILINÇ SAVRUL, Hasan Alp ‘ÖZEL KÜRESELLEŞME SÜRECİNDE BÖLGESEL ENTEGRASYONLARIN BAŞARI KOŞULLARI’, 47
11. Egeli H.A.,Emsen Ö.S., “Geçiş Sürecinde Kırgızistan Ekonomisi”, Manas Üniversitesi, Sosyal Bilimler Dergisi, 2002, Sayı: 4, s. 103.

12. Ertuğrul Deliktaş, “Kırgızistan’da Özelleştirme Süreci: 1991-2000”, Küreselleşme ve GeçişEkonomileri Uluslararası Sempozyumu, Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yayınları,Sayı:29, Bişkek, 2002, s. 335.